КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН 5- КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 07-март №30 Оргочор айылы

**Мал багуунун, айдап себүүдө техника акыларын жана “МТАА АГРО МТС” муниципалдык ишкананын кызмат акыларын бекитүү**

Аймактагы жеке малчылардын мал багуунун акысын бирдей өлчөмгө коюп берүү жана мал багууга акы алуунун шарттары жөнүндөгү айылдык жыйындардын протоколдору менен Оргочор айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “МТАА АГРО МТС” муниципалдык ишкананын жайыт боюнча акылары, айыл чарба техникасынын жана атайын техника боюнча көрсөткөн кызматтардын акыларын жана ар бир айылда жеке ишкерлик техника акылары боюнча “МТАА АГРО МТС” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Н.Абдиевдин жана муниципалдык ишкананын жайыт боюнча башкы адиси К.Уркуновдун билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңеш токтом кылат:

1. Айыл тургундарынын малын алып багуу мөөнөтү 2025-жылдын 01- апрелден 01- октябрга чейин деп белгиленсин.
2. Жалпы аймак боюнча мал багуунун айлык акысы төмөндөгүдөй бекитилсин:
   - Бодо малга (жылкы, уй) - 600 сом
   - Бада -300 сом (Тилекмат айылы)
     - 350 сом (Мундуз айылы)
     -400 сом (Аң-Өстөн айылы)
     - 500 сом (Ак-Дөбө, Светлая Поляна, Боз-Бешик, Чоң-Кызыл-Суу)
     - 1000 сом (Оргочор)
   - Кой, эчкиге - 120 сомдон (Оргочор, Боз-Бешик, Светлая Поляна, Чоң-Кызыл Суу)
     -150 сомдон (Ак-Дөбө, Аң-Өстөн, Мундуз, Тилекмат) айылдарына бекитилсин.
3. Жайыт акысы мал башына
   - Бодо малга -100 сом
   - Кой, эчкиге -20 сом
4. Лесхоздун территорясынан орун алган чабандардын жайыт акысына болгон төлөмүнүн 50 пайызын лесхоздун эсебине, 50 пайызын Оргочор жайыт пайдалануучулар бирикмесинин эсебине төгүлсүн.
5. “МТАА АГРО МТС” муниципалдык ишкана аркылуу көрсөтүлүүчү жайыт акысы жана айыл чарба техникаларынын, атайын техника боюнча көрсөткөн кызмат акылары 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Баккан малдын баардык түрүн алыскы жана ортонку жайытка чыгарылсын. Ички жайытка калган малчыларга жана үлүш айдоо жерлерге кирип зыян келтирген мал үчүн ар бир мал башына “Укук бузуулар Кодексине” ылайык айып пул салынаары малчыларга жана мал ээлерине эскертилсин.
7. Эгер мал башы оруп же өлүп калган учурда эти жараксыз болсо малчы мал башын төлөп берүү жагы малчыларга милдеттендирилсин.

8. Баккан малдын баардык түрүн алыскы жана ортонку жайытка чыгаруу үчүн малчыларга шарт түзү жагы "МТАА АГРО МТС" муниципалдык ишканасына жүктөлсүн жана Мал багуунун шарттары боюнча жеке мал багуучулар менен "МТАА АГРО МТС" муниципалдык ишкана ортосунда келишим түзүлсүн.

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин "Социалдык маселелер " боюнча жана "Айыл чарба жана экология маселелери боюнча" туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Тыныбеков**

Оргочор жергиликтүү кеңешинин
2025-жылдын 07-мартындагы
№30 токтомуна 1-тиркеме

**“МТАА АГРО МТС” муниципалдык ишканасынын айыл чарба техникасынын жана атайын техника боюнча корсоткон кызматтардын акылары**

| № | Кызматтын аты | баасы | Күйүүчү май |
|---|---|---|---|
| 1 | Аныз жер айдоо | 1800 | 25 |
| 2 | Дын жер айдоо | 2000 | 30 |
| 3 | Диска | 1500 | 20 |
| 4 | Мала | 1000 | 10 |
| 5 | Тырмоок | 800 | 10 |
| 6 | Арык | 500 | 5 |
| 7 | Боковой тырмоок которгону | 800 | 5 |
| 8 | Комбайн | 2000 | 25 |
| | **Атайын техника экскаватордун кызмат акысы** | | |
| 1 | Септик казуу | 3000 сом | |
| 2 | Туалет казуу | 1500 сом | |
| 3 | Траншея казуу | Метр 150-200 сом | |
| 4 | Корчавания | 1 туп 150-1500сомго чейин | |
| 5 | Погрузка топурак,кум Хового | 1 рейс 1200 сом | |
| 6 | Погрузка топурак,кум Камазга | 1 рейс 1000 сом | |

**“МТАА АГРО МТС” муниципалдык ишканасынын жайыт боюнча акылары.**

| | **Жайыт акы** | | |
|---|---|---|---|
| № | Малдын туру | Баасы | |
| 1 | Бодо мал | 100 | |
| 2 | Кой эчки | 20 | |
| | **Малчыларды алыскы жайытка кочуруу акысы.** | | |
| 1 | Ара-Бель | 60 литр май | 1 чабан 3000 |
| 2 | Буркан | 80 литр май | 1 чабан 3000 |
| 3 | Кара Сай | 100 литр май | 1 чабан 4000 |
| 4 | Кызыл Эшме | 100 литр май | 1 чабан 4000 |
| 5 | Кара Керуу | 100 литр май | 1 чабан 4000 |
| 6 | Кыр таш | 120 литр | 1 чабан 5000 |
| 7 | Ак-Бел | 100 литр | 1 чабан 4000 |
| | **Малчыларды ички жайыттарга кочуруу** | | |
| 1 | Байтор | 60 литр май | 1 чабан 2000 |
| 2 | Кара баткак | 60 литр май | 1 чабан 2000 |
| | | | |

Жооптуу катчы Э.Тариелова